«Тоо-кен машиналары жана электромеханика» кафедрасынын 19.11.2025-жылдагы
**№3 кезексиз жыйыны**

**Катышкандар:** Орозов К.К. – т.и.к., профессор, кафедра башчысы; Джуматаев М.С. – т.и.к., профессор; Эликбаев К.Т. – доцент; Анохин А.В. – доцент; Каримов А.А. – доцент; Жусупов Р.Р. – улук окутуучу; Молдокадырова Д.Б. – лаборатория башчысы; Жоро кызы Мээрим – методист.

**Күндүн тартиби:**

1. Шайлоо кампанияларына катышуу эрежелерин сактоо.
2. Электр энергиясын пайдалануунун жана энергияны үнөмдөөнүн режимин сактоо.
3. Коррупциялык көрүнүштөрдү алдын алуу.
4. Жаш илимий адистерди даярдоо жана өнүктүрүү.

Кафедра башчысы профессордук-окутуучулук курамга (ПОК) жана окуу-жардамчы кызматкерлерге (ОЖК) 17.09.2025-жылы өткөн Ректордук кеңештин жыйынтыктары менен тааныштырды.

Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча Орозов К.К ПОК, ОЖК жана кафедранын студенттердинин шайлоо кампанияларына агитатор же башка активдүү катышуучу катары аралашуусуна жол берилбестиги; катышуу шайлоочу катары гана уруксат берилерин айтты.

Экинчи маселе боюнча:

- Сабактар өткөрүлбөгөн бөлмөлөрдө бардык электр шаймандарын жана жарык берүүчү түзмөктөрдү өчүрүү зарыл;
- Кафедра боюнча бекитилген аудиториялардын, кабинеттердин жана башка жайлардын көзөмөлү үчүн жооптуу адамды дайындоо;

Үчүнчү маселе боюнча:

-Билим берүү процессинде (сабактарга катышуу, сессияларды тапшыруу, мамлекеттик экзамендерди берүү, дипломдук иштерди коргоо ж.б. иштерди камтыган) коррупциялык аракеттерге жол бербөө боюнча ПОКту, ОЖКны жана студенттердин бардыгын чогултуп талкуулоо жүргүзүү жана эскертүү;

Төртүнчү маселе боюнча:

-Кафедранын илимий-изилдөө иштерине жаш илимий адистерди тартуу жана студенттердин илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүү боюнча тиешелүү чараларды көрүү.

- Кафедранын бардык профессордук-окутуучулук курамы институттун окуу-илимий базасын өнүктүрүүгө инвестицияларды издөө жана тартуу иштерине активдүү катышып, өнөктөштөрдү табуу боюнча иш алып баруусу жана эл аралык илимий-изилдөө долбоорлорго катышуусу тууралуу белгиледи.

**Чечим кабыл алынды:**

1. Жусупов Р.Р., Эликбаев К.Т. жана Анохин А.В. кураторлор студенттер менен шайлоо кампанияларына аралашпоого байланыштуу түшүндүрүү ишин жүргүзсүн.
2. ПОК жана ОЖК шайлоо кампанияларына агитатор же активдүү катышуучу катары катышпасын.
3. ПОК жана ОЖК окуу имараттарында электр энергиясын жана энергияны үнөмдөөнү так сакташсын.
4. Окутуу процессинде коррупциялык көрүнүштөргө жол бербөө. ПОК электрондук журналды өз убагында толтурушсун жана экзамендерде ассистенттин болушун камсыздашсын.
5. Студенттер менен илимий-изилдөө иштери жүргүзүлсүн.
6. Институттун окуу-илимий базасын өнүктүрүү жана эл аралык илимий-изилдөө долбоорлоруна катышуу боюнча ишти күчөтүү.

**“ТКМжЭ” кафедрасынын башчысы:** **Орозов К.К.**